Жобо медицина колледжинин педагогикалык кецешинде каралып, бекитүүгө сунушталган.
Протокол № 1
“16” 09 2021-22-окуу жылы

“БЕКИТЕМИН”
медициналык колледждин директору, доцент
З.С.Арынов

Ош мамлекеттик университетинин медициналык колледжинде
билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жөнүндөгү

# ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1.Ош мамлекеттик университетинин медициналык колледжинде студенттердин билим сапатына мониторинг жүргүзүү жөнүндөгү жобо (мындан ары - Жобо) Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын жогорку, орто кесиптик окуу жайларында окуган студенттердин билимине мониторинг жүргүзүү жөнүндөгү жобосунун жана ОшМУнун уставынын негизинде иштелип чыгып, билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүүнүн негизги мазмунун жана тартибин аныктайт. Билим сапатына мониторинг жүргүзүү - бул ОшМУдагы медициналык колледждеги билим берүү ишмердүүлүгүн баалоо процедурасын жүргүзүүдө билим сапаты жөнүндөгү маалыматтарды топтоо, жалпы анализ берүү жана ага ылайык иш чараларды жүргүзүү болуп эсептелет. Мониторингдин негизги обьектиси болуп студент, окутуучу жана билим берүү процессинин өзү эсептелет.

1.2. Мониторинг ОшМУдагы медициналык колледждеги 1- курстары үчүн диагоностикалык мониторинг мектептеги окутулган предметтерден колледжге келип окуу үчүн пререквизит сабактар биология жана химия предметинен билим сапатына мониторинг жүргүзүлөт.

1.3. Мониторинг ОшМУдагы медициналык колледждеги окуу процесси учурунда 1-курстары үчүн гуманитардык, табигый циклдагы предметтерден, ал эми 2-3 курстар үчүн профессионалдык циклдагы предметтерден жүргүзүлөт.

## 2. Мониторингдин максаты, милдеттери жана функциялары

1.1. Мониторинг жүргүзүүнүн негизги максаты - студенттердин окуу процессинде алган билимдеринин сапатына, компетенцияларына жалпы анализ жасоо жана кыска мөөнөттөгү прогноздоо иштерин жүргүзүү.

1.2. Билим берүүнүн сапатына жүргүзүлүүчү мониторингдин милдеттери төмөнкүлөрдөн турат:

-негизги билим берүү программасына ылайык окуу процессинин натыйжасында калыптанган калдык билимдердин (остаточное знание) реалдуу картинасын түзүү жана сапаттык жана абсолюттук жетишүүсүнө талдоо жасоо;

- медициналык колледждеги билим берүүнүн сапатына үзгүлтүксүз көзөмөлдөө жана маалыматтарды алуу;

- билим берүүнүн сапатынын динамикасына таасир этүүчү факторлорго салыштырмалуу талдоо жасоо жана сунуштарды берүү;

- мониторинг жүргүзүүнүн натыйжасында алынган маалыматтарга ылайык билим берүү сапатын жогорулатуу боюнча башкаруу чечимдерин иштеп чыгуу.

2.3. Билим сапатына мониторинг жүргүзүүнүн функциялары:

-колледж боюнча жүргүзүлгөн мониторингдин көрсөткүчтөрү боюнча материалдарды топтоо;

-билим сапатынын динамикасына таасир этүүчү факторлорду аныктоо жана салыштырма анализдерди жүргүзүү;

-мониторингдин негизинде алынган маалыматтарды кызматтык милдеттерине ылайык маалымдоо;

**3. Мониторингди даярдоо, өткөрүү жана анализдөө тартиби**

3.1. Мониторингге даярдануу жана өткөрүү медицина колледжинин жетекчилиги тарабынан алдын ала белгиленген предметтер боюнча оозеки же жазуу түрүндө, бекитилген графикке ылайык жүргүзүлөт. Тиешелүү циклдар мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык мониторинг өткөрүү үчүн 3 варианттан кем болбогон (ар бири 20-30 суроону камтыган) тесттик тапшырмаларды, жазуу жүзүндөгү же текшерүү иштерин даярдайт жана алардын варианттарын аныктайт. Тапшырмалар студент бир сааттын ичинде аткарып бүтүүсүн эске алуу менен иштелип чыгуусу зарыл.

3.2. Студенттердин билимине мониторинг жүргүзүү үчүн даярдалган

тапшырмалардын топтому циклдардын жыйынында талкууланып, колледждин окуу-усулдук кенештин төрагасына (төрайымына) тапшырылат.

3.3. Медициналык колледждин окуу иштери боюнча директордун орун басары мониторинг өткөрүү боюнча бардык иш аракеттерди координациялайт, бөлүм башчылар жана окуу-усулдук кенештин төрайымы мониторингди уюштуруп өткөрүүгө түздөн түз катышат.

3.4. Мониторинг жүргүзүүнүн натыйжасында баалоо критерийлери

ОшМУда кабыл алынган жобого ылайык жүргүзүлүп, "эң жакшы", "жакшы",

"канаттандыраарлык", "канаттандырарлык эмес" деп бааланат.

3.5. Мониторингге белгилүү себептер менен катышпай калган студент "келген жок" деп белгиленет жана жыйынтыгында "канаттандыраарлык эмес" деген категорияга киргизилип, орточо жыйынтык баа чыгарылат.

3.6. Мониторинг өткөрүүнүн натыйжасында статистикалык отчет түзүлөт жана отчетто студенттердин билим деңгээлинин жана компетенцияларынын калыптануусунун сапаттык анализи берилет.

3.7. Мониторингди эки вариантта жүргүзүүгө болот: заманбап маалыматтык технологияларды кеңири колдонууну камтыйт(компьютерде алуу), бланканы колдонуу аркылуу.

**4. Мониторингди уюштуруу жана ишке ашыруу.**

Билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүүнү ишке ашырууда төмөнкү иш-аракеттердин ырааттуулугун камтыйт:

**1-этап – Директордун орун басары** изилдөөнү пландаштырып, даярдайт.

Изилдөөгө даярдануу үчүн төмөнкүлөр керек:

- изилдөөнүн максаттарын жана объектисин аныктайт;

-өткөрүлүүчү жайды, убакытты белгилейт;

- студенттердин 100% катышуусун көзөмөлдөйт;

- билим берүү сапатын жогорулатуу боюнча сунуштарды иштеп чыгат

**2-этап- Предметтик окутуучу** маалымат чогултууну камтыйт:

- мониторингди изилдөөнүн кражаттарын даярдайт;

- материалдын НББПгы мазмунуна дал келүүсүн, компетенцияларга ылайыктуулугун камсыздайт, сапатына жооп берет;

- мониторингдин жыйынтыгын чыгарат;

-чыгарылган жыйынтыкка ылайык иш чараларды жүргүзөт;

**3-этап – бөлүм башчы** маалыматты иштеп чыгат, аны талдайт жана интерпретациялайт:

- маалыматтарды талдайт,

- мониторингдин маалыматтарын иштетүү;

- билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча чечимдерди кабыл алат;

- мониторингдин жыйынтыгын педагогикалык кеңештин жыйынына алып чыгат, мониторингдин жыйынтыгы 3 жыл аралыгында сакталат.

**5. Мониторингди изилдөө каражаттары:**

 Анкеталар;

 Диагностика;

 Тесттер

 Жазуу иштери

 Текшерүү иш

 Негизги жана орто мектептердин бүтүрүүчүлөрүн социалдаштыруунун статистикасы.

Билим берүүнүн мониторингинин натыйжалары педагогикалык жамааттын, уюштуруучунун, коомчулуктун назарына өзүн өзү текшерүү отчету түрүндө жеткирилет.

**5. Мониторинг жүргүзүлгөндөн кийинки иш чаралар:**

- студенттерди даярдоонун сапатын жогорулатууга багытталган иш-чараларды өткөрүү;

- билим берүүнүн сапатын баалоо маселелери боюнча маалыматтык-түшүндүрүү иштери:

-студенттер жана алардын ата-энелери менен иш алып баруу;

-"окутуунун начар натыйжалары" же "жагымсыз социалдык шарттар" түшүнүктөрүнүн мазмунун аныктоо;

-жөндөмдүү жана таланттуу балдарды жана жаштарды психологиялык-педагогикалык колдоону ишке ашыруу;

-дисциплиналар боюнча ийримдерди, олимпиадаларды уюштуруу.